УДК 811.512.154

Дунканаев А.Т., Исмаилова О.А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# СЫН АТООЧТОР, БЕЛГИЛИК ТАБИЯТЫ

Обьективдүү чындыкта бизге белгилүү болгон миң сандаган нерселер, заттар конкреттүү жана абстрактуу түшүнүктөр бар. Булар тууралуу зат атооч сөз түркүмүндө кеңири маалымат берилген. Ошол заттар, түшүнүктөр, жалпы эле атоолор өздөрүнүн касиет табияттарына жараша бир канчалаган белгилерге ээ болуп турат. Маселен, **бор** деген зат атооч сөз түсү боюнча: **ак, же көк**; формасы боюнча: **тоголок, же төрт кырдуу**; өлчөмү жагынан: **кыска же узун**; сапаттык бекемдик жагынан: **катуу, же борпоң** сыяктуу бир канча белгилерге бир эле учурда ээ. Бул жагынан алып караганда, тилде белгилерди туюндуруучу сөздөр абдан кеңири учурайт. Дал ушул белгилерди туюндуруп атоочу сөздөр сын атоочтор болуп саналат.

Кыргыз тили илиминде сын атоочтор тууралуу козголгон маселелер өзүнүн актуалдуулугу менен кыргыз лингвистикасы, стилистикасы үчүн баалуу маалыматтарды берип, теориялык ой жорууларга түртпөй койбойт. Айрыкча, түс маанилерди билдирген сын атоочтор кайчы лексемалар менен туюндурулуп, семантикалык жактан сыйымдуу болуп, микросистема курууга кудуреттүү келерин белгилөөгө болот. **Ак, боз, кара, сары, жашыл, көк, күрөң** сын атоочторунун микросистемаларынын сандык, сапаттык катыштарын, жасалуу жолдорун жана семантикалык сыйымдуулугунун табиятын терең ачып, алардын сөз түркүмдүк сапатын дагы толук чагылдырууга болот. Негизи, сын атоочтордун табиятында, семантикасында болуп жаткан сырлар чечилип, бул багытта дагы да болсо, теориялык жаңы жалпылоолорго, корутундулага жол ачылышы абзел.

Кыргыз тили илиминде сын атоочтордун лексика-грамматикалык табиятына карап, негизинен, төмөндөгүдөй аныктама берилип жүрөт: **Заттын сын-сыпатын** (жакшы, жаман, сулуу), **өңү –түсүн_**(ак, кара, жашыл, кызыл), **формасын** (тоголок, сүйрү, жалпак), **көлөмүн** (чоң, кичине) ж.б. белгилерин билдирип, кандай?, кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөр сын атоочтор деп аталат. (Азыркы кыргыз адабий тили,- Бишкек: 2009, 322-б.). Сын атооч сөз түркүмүн дал ушул эреже аркылуу кабыл алабыз. Бул эрежеден сын атоочтор заттан келип чыккан белгилер катары зат менен гана байланышат, заттык атоолорду аныктайт деген маанини түшүнөбүз. Бирок сын атоочтор заттын гана белгилерин билдирбестен, кыймыл-аракеттин, т.а., этиштин белгилерин туюндуруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ: <u>жакшы окуйт,</u> <u>көңүлдүү отурушту</u>, <u>жүдөңкү көрүнөт</u> ж.б. Ушундан улам, сын атоочторго берилген эрежеде калпыстык барбы? деген суроонун туулушу да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Буга карата биздин жеке пикирибиз мындай. Сын атоочко берилген эреже, негизинен, туура. Анткени сын атооч сөздөрдүн бардыгы, б.а., сыпат, сапат, даам, жыт, өлчөм, көлөм, өң, түс ж.б. көптөгөн белгилерди туюндуруучу сөздөрдүн бардыгы заттан келип чыккан белгилер, ошондуктан зат менен байланышат, зат менен айкашат. Ал эми кыймыл-аракет менен бул аталган белгилердин бардыгы эле айкаша бербейт, булардын көпчүлүгү кыймылдын белгилерин билдирүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ эмес. Дегеле, кыргыз тили илиминде сын атоочтор менен тактоочтордун ортосундагы лексика-семантикалык, грамматикалык жакындыктар, окшоштуктар жана айырмачылыктар тереңдетилип изилденүүгө муктаж. Бул маселеге өзүнчө токтолобуз.

Сын атоочтор негизинен заттардын өзүндө болгон, алардын табияты менен байланышкан ар түрдүү белгилерди туюндуруу зарылдыгынан келип чыккан. Андай белгилер катары өң-түс, көлөм, форма, даам-татым, сапат ж.б. жагынан болгон өзгөчөлүктөр эсептелет. Ошондуктан заттардын белгилерин билдирүү сын атоочтун категориялык мааниси болуп саналат. (Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. I китеп,

түзгөн: Осмонова Ж. Каракол − 2010., 403) Кандай гана зат болбосун, кайсы бир белгилерди алып жүрөрү белгилүү. Ошол белгилерине жараша алардын өздөрүнө тиешелүү болгон заттын табияты аныкталат, демек, белгилер затты аныктыкка алып чыгат. Ошондой болсо да, бир затка мүнөздүү кайсы бир белги дайыма туруктуу бойдон калбайт. Мисалы, **жыгач** зат атоочу учурда катуу белгисине ээ болуп турса, убакыттын өтүшү менен жумшак, же чирик белгисине ээ болот. Бирок, эң башкысы, бул белгилер кандай болгон шартта да ***жыгачтын*** табиятын аныктоо функциясын аткарып турат. Ушундан улам, биринчиден, белгилерди билгизүүчү сын атооч сөздөр тилде, кепте аныктыкты, тактыкты, конкреттүүлүктү киргизүүчү сөздөр катары өз милдетин өтөйт. Маселен, ***китеп*** деген сөз заттык маанидеги ушул аталышында деле так, конкреттүү: көзгө көрүнөт, колго кармалат, окулат. Бирок ушул эле учурда конкреттүү эмес, «китеп» деген заттын аталышын атоо менен кайсы китеп, кандай китеп экендигин эч ким түшүндүрүп бере албайт. Мындай шартта, ***китепке*** тиешелүү белгилерди сын атооч сөздөр менен туюндуруу аркылуу нагыз конкреттүлүктү ачыкка чыгарабыз: **кызыктуу китеп, көркөм китеп, илимий китеп, начар китеп, көлөмдүү китеп, жаңы китеп, эски китеп, бүтүн китеп, айрык китеп** ж.б. Албетте, ***китептин*** белгилерин билдирүүчү бул сын атооч сөздөр шартка, кырдаалга жараша колдонулары белгилүү. Айталы дегенибиз, сын атооч сөздөр заттын конкреттүүлүгүн ачыкка чыгаруучу кызматты аркалайт. Экинчиден, сын атооч сөздөр тилде, кепте көркөмдүктү, таасирдүүлүктү, элестүүлүктү, угумдуулукту камсыз кылуучу функцияны да аткарат:

1. Гүлайдын **кылкандай узун** кирпиктери, **карагаттай** көздөрү **ажарлуу** жүзүнө төп келишип турду. (А.Т.). 2. Карачы! **Чайыттай ачык** асман, **жапжашыл** өрөөн, **көк кашка тунук** суу. (А.Ж.). Мисалдардагы **кылкандай узун, карагаттай, ажарлуу, чайыттай, жапжашыл, көк кашка тунук** сын атооч сөздөрүн катыштырбай: 1. **Гүлайдын кирпиктери, көздөрү жүзүнө куп келишип турду.** 2. Карачы! Асман, өрөөн, суу − деп түзсөк, 1-сүйлөмү тек гана баяндоо, 2-сүйлөмү санап көрсөтүү маанисинде туюндурулуп калды. Сын атооч сөздөр катышкан варианттарында көркөмдүктүн, элестүүлүктүн, таасирдүүлүктүн бар экендиги ачык байкалып турат. Демек, сын атооч сөздөр атооч сөздөр тилде заттык белгилерди билдирүү менен гана чектелбейт. Мында токтоло кетчү дагы бир жагдай бар. Сын атооч сөздөр сүйлөм тутумунда, кепте колдонулганда кайсы бир заттын белгисин билгизүүдөн, тактык, аныктык, көркөмдүк киргизүүдөн сырткары, берейин деген белгилүү бир ойду билдирүүдөгү тилдик зарыл элементтер да болуп саналат. Туюндурула турган ой, анда коюлган максат сын атооч сөздөрсүз иш жүзүнө ашпай калышы толук мүмкүн. Буга карата бир катар мисалдарды келтирели: 1. Ал дилинде ак көйнөк кийген узун бойлуу, келишимдүү жигитти көргүсү келип самай берет. 2. Кайраттуу, эр жүрөк адам. (К.Б.). 3. Коңшу жакшы болсо, **сокур** кыз эр табат (макал). Мисалдардагы **ак, узун бойлуу, келишимдүү; кайраттуу; сокур** сын атоочтору сүйлөм тутумдарында заттын белгилерин билдирип, сүйлөмдөрдүн көркөмдүүлүгүн, элестүү берилишин камсыздоодо шек жок. Бул сын атоочтордун негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Экинчи жагынан, белгиленген сын атоочтор сүйлөм тутумунда обңективдүү чындыктын чагылдырылышындагы зарылдыктар катары колдонулду. 1-жана 2-сүйлөмдөрдөгү сын атоочтор туюндурулуп жаткан чындыктын маанилик маңызы менен түздөн-түз байланыштуу берилди. Ал сын атооч сөздөрсүз (ак, узун бойлуу, келишимдүү; кайраттуу) туюндурулуучу ойду туюндуруу мүмкүн эмес, ошон үчүн сүйлөмдүн зарыл элементтери болуп саналат. 3-мисалдагы **сокур** сын атоочун бир аз башкача өңүттөн кароого туура келет. Анткени, бул мисал макал тутумунда колдонулду. Мисалдагы подтексттик ойдун берилишине карата күчөтүлгөн, кыйытылган, ооштурулган, же болбосо, дагы бир кошумча маанилер чогуу камтылып колдонулат. Макалдагы **сокур** сын атоочу **кыз** зат атоочун аныктап, ошол тике маанисинде кабыл алдырып турганы менен, макалдын жалпы мазмунунда коңшунун барк-баасын көкөлөтүп турат. Мындагы **сокур** сын атоочунун

семантикасы бүтүндөй макал мазмунун аралап кеткендей. Анткени бул сын атоочсуз аталган макалдын жаралышы мүмкүн эмес. Негизгиси сокур кыздын эрге чыгышы коңшуга байланыштуу боло тургандыгы туюндурулду. Ошондой эле жакшы коңшунун жакшылыгы болот, жашоо-турмушунда жалпы эле коңшунун таасири болбой койбойт деген кыйытма туюнтмалардын туюндурулушу сокур кыздын эрге чыгышы менен каңкууланып турат. Дегеле, сын атооч сөздөрдүн сүйлөм тутумундагы, текст ичиндеги зарылдык катары колдонулушу ар түрдүү формаларда жүзөгө ашырылат.

Тил илиминде сын атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн өзүнө гана тиешелүү төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турары белгиленип жүрөт:

1. Жай, салыштырма, күчөтмө, басаңдатма, даражалары боюнча өзгөрөт: **жакшыраак, күчтүүрөөк, капкара, көпкөк, кызгылт, агыш, көгүлтүр** ж.б.

**2.** Өзүнө тиешелүү сөз жасоочу мүчөлөрү бар: **-луу, -сыз, -гыр, -чаак, -гылт, -гыч (балалуу, алсыз, алгыр, урушчаак, сургулт, саргыч).**

3. Заттын сын-сыпатын жана башка белгилерин көрсөтүп, адатта, жөндөмө, көптүк таандык мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Бирок затташып, заттык мааниде колдонулган учурунда жөндөлөт, көптүк жана таандык мүчөлөрдү кабыл алат: **Жаманды мактасаң, жардан алыс кетет.** (макал**)** **Кызылдар** жеңип чыкты. Алардын ичинен **акылдуусу – Ашым.**

4. Сын атоочтор дайыма заттын белгилерин туюндурат, бирок айрым учурларда этиш сөздөр менен да айкашып, кыймыл-аракеттин да белгилерин билдирип калат. 1. Жакшы студент жакшы окуйт. 2. Алар көңүлдүү отурушту.

5. Сүйлөм тутумунда, негизинен, аныктоочтун, баяндоочтун, мындан сырткары, толуктоочтун, бышыктоочтун ээнин милдеттерин аткарат: 1. Алыстан **бийик~** тоо көрүнөт. Сагын аксакал болсо дале **кайраттуу.** Кебетеси **жүдөңкү** көрүнөт. Жакшы эл камын ойлойт, жаман өз камын ойлойт. **Жаманда** достук жок, **жакшыда** кастык жок.

Заттардын белгилери этиштин өзгөчө бир формасы болгон атоочтуктар жана зат атоочтор аркылуу да туюндурулат. Мисалы: 1. **Ишенбеген** адам жылдыздын жарыгын шам менен **издеген** макоого тете (П.Б) 2. Аман болсо **алтын** баш, айланып кайта жетемин (Т). Биринчи сүйлөмдө заттын белгисин туюндуруу үчүн **ишенбеген, издеген** атоочтуктары, 2-сүйлөмдө **алтын** зат атоочу колдонулду. Мындай окшоштуктарга карап атоочтуктар менен зат атоочторду сын атоочтор менен бирдей түшүнүп, бир сөз түркүмү катары кароого болбойт. Алардагы айырмачылыктарды төмөнкү белгилер менен аныктоого болот:

1. Атоочтуктар заттардын өзгөрмөлүү (мезгилдик өзгөчөлүктөр менен байланышкан) белгилерин туюндурат жана этишке тиешелүү категориялар боюнча өзгөрүү касиетин сактайт. Сын атооч болсо, заттардын туруктуу-мезгилдик өзгөчөлүктөр менен байланышпаган белгилерин билгизет (мезгилди билгизген жазгы, күзгү, кечки сын атоочторун эске албаганда) жана этиштик категориялар менен өзгөрбөйт. Маселен, **Саргайган жалбырактар айлананы саргыч түскө бөлөп, өзгөчө бир көрк берип тургансыйт**. (Кыргыз туусу) деген сүйлөмдө **саргайган** атоочтугу бар. Ал **саргая элек, саргайчу, саргая турган** атоочтуктарынан белгилүү даражада айырмаланат, анткени булар али боло элек белгини билгизсе, **саргайган** атоочтугу болгон иш жүзүнө ашкан белгини туюндуруп турат. Ал эми **саргыч** сын атоочунда мезгилдик маанини билдирген функция жок. Ошондой эле, **саргайган** атоочтугу зарылдыгына жараша **саргайткан, саргайтылган, саргайышкан** сыяктуу этиштин мамиле категориясында өзгөрө алса, **саргыч** саргыч сын атоочу бул формаларда өзгөрө албайт, тескерисинче, сын атоочтун даражалары боюнча өзгөрөт.

2. Зат атоочтор заттардын эмнеден жасалгандыгын, материалын белги катары билгизсе (темир кашык, алтын саат, жибек көйнөк), сын атооч андай өзгөчөлүктү билдире албайт. Зат атоочтор заттардын сапатын билгизип калган учурунда сын атоочко абдан жакындашат:

а) Биздин заман - **нур** заман (А.Ү.) 2. **Алтын** убактымды текке кетире албайм (Т.С)-деген сүйлөмдөрдөгү **нур, алтын** мындай касиетке өтмө (метафоралык) мааниде колдонулуу аркылуу гана жетишет.

Заттардын белгисин билдирген зат атоочтор жеке, өзүнчө колдонулса, белгини билгизүүчү касиетинен ажырайт: темир, алтын, нур ж.б. Демек, зат атооч үчүн белгини билгизүү милдети башкы милдет эмес, контекстке ылайык келип чыккан кошумча милдет. Ал эми сын атоочтор жеке, өзүнчө турганда да, баарыдан мурда, кандайдыр бир затка тиешелүү болгон белгини туюндурат. Ошондуктан сын атоочтун белгини билгизүүсү – негизги милдет.

Сын атоочтор түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Албетте, бул өзгөчөлүк бардык сөз түркүмдөрүнө бирдей тиешелүү.

Татаал сын атоочтор эки, же андан ашык сөздөрдүн тутумунан туруп, заттын ар кандай белгилерин туюндурат. **кара-кочкул, кызыл-тазыл, эски-уску, ач көз** ж.б. Татаал сын атоочтор жөнөкөй сын атоочтордон түзүлүшү боюнча гана айырмаланат. Туюндурган маанилери боюнча олуттуу өзгөчөлүктөрдү жарата албайт. Ушуга байланыштуу татаал сын атоочтор канча сөздөн турбасын, лексикалык бир гана бүтүндүктү түзүп турат.

Жөнөкөй сын атоочтор бир гана сөздөн туруп, заттын сын- сыпатын, сапатын, өңү-түсүн ж.б. белгилерин билдирет. Алар жасалышы жактан **тубаса** жана **туунду сын атоочтор** болуп экиге бөлүнөт.

Лексикалык мааниси боюнча заттын ар түрдүү белгисин билдирген жана азыркы абалында өз алдынча морфемаларга ажыратууга мүмкүн болбогон сын атоочтор **тубаса сын атоочтор** деп аталат: **кызыл, көк, ак, терең, жапыз, бийик, эски, жумшак, оор, жеңил, жакшы** ж.б.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен башка сөз түркүмдөрүнөн, же сын атоочтун өзүнөн жасалган сын атоочтор **туунду сын атоочтор** деп аталат: **күчтүү, суусуз, тоодой, камкор**, **уялчаак, кабанаак, агыш, кызгылт** ж.б. Туунду сын атоочтордун айрымдары төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт:

а).Сын-сыпаттын жетишсиздигин билдирүү бардык эле сын атоочторго мүнөздүү эмес. Бул өзгөчөлүк заттын өңү-түсүн билдирүүчү сын атоочторго тиешелүү: **ак-саргыл**, **кызгылт, көгүш** ж.б.

б).Ал эми сын атоочтун салыштырма даражасы сапаттык сын атоочтор үчүн мүнөздүү: **жакшыраак, ичкерээк, эң жакшы**, **кыпкызыл** ж.б. Бирок айрым катыштык сын атоочтор да салыштырма даражада колдонула берет: **таштагыраак, эң күчтүү, өтө шашкалаң, саздуураак** ж.б.

Демек, сын атоочтордун сөз түркүмү катары аныкталышында лексикалык семантикасы, грамматикалык мүнөздүү белгилери, синтаксистик катыш өзгөчөлүктөрү эске алынууга тийиш.

Адабияттар:

1. Азыркы кыргыз адабий тили. – Бишкек, 2009. - 322-б.
2. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. I китеп, түзгөн: Осмонова Ж. - Каракол, 2010. – 403 б.
3. Мукамбаев Ж. Морфология. - Ф., 1987.